**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЭҢИЛЧЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЭНИЛЧЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
13 сессиясы

# Т О К Т О М

**2024-жылдын 26-январындагы № 1** **Эңилчек айылы.**

## Эңилчек айылдык аймагынын 2024-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө

Эңилчек айылдык аймагынын 2024-жылдын бюджети жөнүндө аталган айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Айпиева Айдай Исмаиловнанын докладын, «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.К. Чолпонбаеванын кошумча докладын угуп жана талкуулап, ошондой эле «2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнундө» мыйзамын жетекчиликке алып, Эңилчек айылдык аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024-жылга айылдык аймагынын бюджетинин киреше бөлүгү № 1-тиркемеге ылайык 13288,4 миң сом өлчөмундө, анын ичинен салык жана салык эмес кирешелер 8988,2 миң сом жана теңдештирүүчү грант 4300,2 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
**2.** Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү № 2-тиркемеге ылайык 13288,4 миң сом өлчөмүндө бекитилсин, анын ичинен айыл өкмөтүнүн аппаратына 10075,3 миң сом, жарандык коргонууга 108,0 миң сом, экономикалык маселелер 109,9 миң сом, Эңилчек айылындагы турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чыгымдарына 1050,0 миң сом, китепканасына 456,6 миң сом, айылдык клубка 558,6 мин сом, маданият иш чаралардын ар кандай чыгымдарына 300,0 миң сом, Эңилчек айылындагы мектептин чыгымдарына 330,0 миң сом, социалдык коргого 300,0 миң сом.
**3.** Республикалык бюджеттен каржыланып келүүчү теңдештирүүчү грантты 4300,2 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. Ошондой эле теңдештирүүчү грант айыл өкмөт, айылдык китепкана жана айылдык клуб кызматкерлеринин эмгек акыларын төлөөгө, социалдык фондко чегерүүлөргө жумшалсын.
**4.** 2025-2026-жылдарга кирешелер боюнча болжолдуу долбоору каралсын. 2025-жылга 9525,1 миң сом, 2026-жылга 10312,4 миң сом.
**5.** Эңилчек айылдык аймагынын бюджеттеги каралган кирешелерди жана чыгашаларды толук аткарууга багытталган иш чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу айыл аймагынын башчысы Б.А. Усубакуновго милдеттендирилсин.
**6.** Бул токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөөсү Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.К. Чолпонбаевага тапшырылсын.

**Төрага** **А.У.Исмаилова**

Эңилчек айылдык аймагынын
айылдык кеңешинин
2024-жылдын 26-январындагы
№ 1 Токтомунун № 1 тиркемеси

**Эңилчек айыл аймагынын 2024-жылдын бюджетинин кирешелери**

| № | **Кирешелер** | **Миң сом** |
|---|---|---|
| 1 | Атуулдардын кирешелеринен алынган салыктар | 4703,0 |
| 2 | Кыймылсыз мүлкө болгон салыктан чегерүүлор | 31,8 |
| 3 | Транспорт каражат ээлеринен алынуучу салыктар | 47,0 |
| 4 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгына чегерүүлөр | 191,8 |
| 5 | Роялти (олово, вольфрам) | 2342,0 |
| 6 | Лицензиядан түшүүчү төлөм | 1400,0 |
| 7 | Жерлерди ижарага берүү акысы | 62,7 |
| 8 | Жайыт жерлерди ижарага берүү акысы | 109,9 |
| 9 | Жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган чегерүүлөр | 100,0 |
| 10 | Теңдештирүү грант | **4300,2** |
| | **Бардыгы** | **13288,4** |

**Жооптуу катчы** **Э.М. Алапаев**

Эңилчек айылдык аймагынын
айылдык кеңешинин
2024-жылдын 26-январындагы
№ 1 Токтомунун № 2 тиркемеси

**Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын**
**бюджетинин чыгашалары**

| № | Чыгашалар | Миң сом |
|---|---|---|
| 1 | Айыл өкмөтүнүн аппараты | 10075,3 |
| 2 | Жарандык коргонуу | 108,0 |
| 3 | Экономикалык маселелер | 109,9 |
| 4 | Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1050,0 |
| 5 | Китепкана | 456,6 |
| 6 | Клуб | 558,6 |
| 7 | Маданият иш-чаралардын ар кандай чыгымдары | 300,0 |
| 8 | Билим берүү (мектептин чыгымдары) | 330,0 |
| 9 | Социалдык коргоо | 300,0 |
| | **Бардыгы** | **13288,4** |

**Жооптуу катчы** **Э.М. Алапаев**